КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ

КӨК-ЖАҢГАК
ШААРДЫК МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН

МЭРИЯ ГОРОДА
КОК-ЖАНГАК

БУЙРУК
ПРИКАЗ

“17” марта 2026-ж. №49-б Көк-Жангак шаары

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июндагы №137 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 22-январындагы №20 токтомунун редакциясындагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы жөнүндө” Типтүү жобого ылайык, коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июндагы №137 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 22-январындагы №20 токтомунун редакциясындагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы жөнүндө” Типтүү жобого ылайык, коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Көк-Жангак шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси Ашимов Жанарбек Жанышович Көк-Жангак шаардык мэриясынын коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы болуп дайындалсын.

2. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-сентябрындагы №642 токтому менен бекитилген Типтүү жобону жетекчиликке алсын.

3. Коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамынын негизги милдеттери катары төмөнкүлөр белгиленсин:

- аппараттын коррупциянын алдын алуу жаатындагы ишин координациялоо;
- коррупцияны алдын алуу боюнча иш-чаралардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү;
- шаар аймагындагы мекеме-ишканалардын коррупцияга каршы ишинин абалын жалпылоо;

- прокуратура органдары жана башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өзүнүн компетенциясынын чегинде өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу.

4. Мекеме-ишканалардын жетекчилери тарабынан Көк-Жангак шаардык мэриясынын коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамына коррупциянын алдын алуу боюнча иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды жана отчетторду мониторинг жүргүзүү, талдоо жана жалпылоо максатында белгиленген тартипте берүү камсыздалсын.

5. Көк-Жангак шаар аймагындагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-сентябрындагы №642 токтому менен бекитилген Типтүү жобонун талаптарына ылайык коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамын белгиленген тартипте дайындоону жана анын ишин уюштурууну камсыз кылуу тапшырылсын.

6. Аппарат кызматкерлери, мекеме-ишканалардын жетекчилери коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызмат адамына жүктөлгөн милдеттерди аткарууда зарыл болгон көмөктү көрсөтүшсүн.

7. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Көк-Жангак шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси Ж. Ашимовго жүктөлсүн.

Мэр **С. Замирбек уулу**